# Башкаруучулар 2



Published by the Comic Bible Society, LLC
Copyright © 2021

Kingstone Comics maintains copyright to this comic book as provided by United States copyright law.

Print and digital copies of this version may be freely distributed without penalty under a Creative Commons license.


ЫСРАЙЫЛ УУЛДАРЫ ТЕҢИРДИН АЛДЫНДА КАЙРАДАН ЖАМАН ИШТЕРДИ КЫЛА БАШТАШТЫ.
МЫНА ОШОНДУКТАН, ТЕҢИР АЛАРДЫ ЖЕТИ ЖЫЛГА МИДИАНДЫКТАРДЫН КОЛУНА САЛЫП БЕРДИ.
БИРОК МИДИАНДЫКТАР ЫСРАЙЫЛДЫКТАРДЫ АЁОСУЗ ЭЗИШКЕНДИКТЕН, АЛАР МИДИАНДЫКТАРДАН КАЧЫП, ӨЗДӨРҮНӨ ЖАШЫРУУН ЖЕРЛЕРДИ, ҮҢКҮРЛӨРДҮ, БАШ КАЛКАЛООЧУ ЖАЙЛАРДЫ ДАЯРДАШТЫ.
МИДИАНДЫКТАР МЕНЕН БАШКА ЭЛДЕР КЕЛГЕНДЕ ЫСРАЙЫЛДЫКТАРДЫН БАРДЫК ЭГИНИН, АЗЫК-ТҮЛҮГҮН, КОЙ, ЭШЕГИНЕ ЧЕЙИН АЛЫП КЕТИШЧҮ.
МИДИАНДЫКТАР ЫСРАЙЫЛДЫ АБДАН ЖАКЫРЛАНТЫШТЫ. ОШОНДО ЫСРАЙЫЛ УУЛДАРЫ ТЕҢИРГЕ ЗАР КАКШАШТЫ.
ОШОНДО ТЕҢИР ЫСРАЙЫЛ УУЛДАРЫНА ПАЙГАМБАР ЖӨНӨТТҮ.
МЕН СИЛЕРДИ МИСИРДЕН, КУЛЧУЛУКТУН ЖЕРИНЕН АЛЫП ЧЫККАМ. БИРОК СИЛЕР ДАГЫ ЭЛЕ МЕНИН ҮНҮМДҮ УКПАЙСЫҢАР.
ӨЗҮҢӨР ЖАШАГАН ЖЕРДЕГИ БАШКА ЭЛДЕРДИН КУДАЙЛАРЫНА ТАБЫНБАГЫЛА”, – ДЕП АЙТКАМ. БИРОК ТИЛДИ АЛГАН ЖОКСУҢАР.


КУДАЙ АЛАРДЫН СЫЙЫНУУСУНА ЖООП БЕРДИ.
ЭР ЖҮРӨК ЭРКЕК, ТЕҢИР СЕНИ МЕНЕН!
ТӨРӨМ! ЭГЕРДЕ ТЕҢИР БИЗ МЕНЕН БОЛСО, АНДА ЭМНЕ ҮЧҮН УШУНУН БААРЫ БАШЫБЫЗГА ТҮШТҮ? МИСИРДЕН БИЗДИ ТЕҢИР АЛЫП ЧЫККАН", – ДЕП, АТА-БАБАЛАРЫБЫЗ АЙТКАН АНЫН КЕРЕМЕТТЕРИ КАЙДА? АЛ БИЗДИ МИДИАНДЫКТАРДЫН КОЛУНА САЛЫП БЕРДИ.
УШУЛ КҮЧ-КУБАТЫҢ МЕНЕН БАР ДА, ЫСРАЙЫЛДЫ МИДИАНДЫКТАРДЫН КОЛУНАН КУТКАР.
ТЕҢИРИМ! ЫСРАЙЫЛДЫ МЕН КАНТИП КУТКАРАМ? МЕНИН ҮЙ-БҮЛӨМ –УРУУДАГЫ ЭҢ ЖАРДЫ ҮЙ-БҮЛӨ, ҮЙ-БҮЛӨДӨ МЕН ЭҢ КИЧҮҮСҮМҮН.
МЕН СЕНИ МЕНЕН БОЛОМ, МИДИАНДЫКТАРДЫ СЕН БИР КИШИНИ КЫЙРАТКАНДАЙ КЫЙРАТАСЫҢ.




БАШКАРУУЧУЛАР 6:17-24


ОШОЛ ЭЛЕ ТҮНҮ КУДАЙ ГИДОН МЕНЕН СҮЙЛӨШТҮ…
“АТАҢДЫН БААЛГА КУРМАНДЫК ЧАЛУУЧУ ЖАЙЫН ТАЛКАЛА”…
"…АНЫН ЖАНЫНДАГЫ АШЕЙРА ДАРАГЫН КЫЙЫП САЛ."
"ӨЗ КУДАЙЫҢА, УШУЛ ДАЯРДАЛГАН ЖЕРГЕ КУРМАНДЫК ЧАЛЫНУУЧУ ЖАЙ КУР."
ЭМНЕ ҮЧҮН ГИДОН МУНУ ТҮНҮ КЫЛЫП ЖАТАТ?
АЛ ШААР ТУРГУНДАРЫ МЕНЕН ҮЙ-БҮЛӨСҮНӨН КОРКОТ.
КИЙИНКИ КҮНҮ…
МУНУ КИМ КЫЛДЫ?
МУНУ ЖААШТЫН УУЛУ ГИДОН КЫЛДЫ
АЛ КУРМАНДЫК ЧАЛЫНУУЧУ ЖЕРДИ БУЗГАНЫ ҮЧҮН ЖООП БЕРСИН. БААЛДЫН КААРЫНА КАЛДЫ. БИЗ АЗЫР ЖААШКА БАРАБЫЗ.




БАШКАРУУЧУЛАР 6:31 - 33


МҮЙҮЗ ТАРТЫП, БҮТ ЖЕР ЖҮЗҮНДӨГҮ ЫСРАЙЫЛДЫКТАРДЫ ЧАКЫРГЫЛА. АР БИР БОШ ЫСРАЙЫЛ УУЛУ МИДИАНДЫКТАРГА КАРШЫ САЛГЫЛАШКА БИЗ МЕНЕН БИРГЕ ЧЫКСЫН.
КУДАЙЫМ, ЧЫНЫНДА МЕН АРКЫЛУУ ЫСРАЙЫЛДЫ КУТКАРАСЫҢБЫ?
МЕН МЫНА БУЛ КЫРМАНГА КЫРКЫЛГАН ЖҮНДҮ ТӨШӨЙМ.
ЭГЕРДЕ УШУЛ ЖҮНГӨ ШҮҮДҮРҮМ ТҮШҮП, КАЛГАН ЖЕР КУРГАК КАЛСА, АНДА ӨЗҮҢ АЙТКАНДАЙ, СЕН МЕН АРКЫЛУУ ЫСРАЙЫЛДЫ КУТКАРАСЫҢ ДЕП БИЛЕМ.
ЭРТЕСИ ЭРТЕҢ МЕНЕН…
ЭГЕРДЕ МЕН ДАГЫ БИР СӨЗ АЙТСАМ, МАГА КААРДАНБА.
ЭМИ ЖҮНДҮН ӨЗҮ КУРГАК КАЛСЫН ДА, ЖЕРГЕ ШҮҮДҮРҮМ ТҮШСҮН.
КУДАЙ АНЫН ИШЕНИМИ БЕКЕМДЕЛИШИ КЕРЕКТИГИН БИЛЧҮ. КУДАЙ ОШОЛ ТҮНҮ ТАК ОШОНДОЙ КЫЛДЫ.
ЧЫНЫНДА ТЕҢИР МЕНИ МЕНЕНСИҢ.


БАШКА АКЫЛМАН БАШЧЫЛАР СЫЯКТУУ ЭЛЕ, ГИДОН ӨЗҮНҮН СОГУШ ПЛАНЫН ДАЯРДАГАН.
БИРОК КУДАЙ-ТЕҢИРДИН БАШКАЧА ПЛАНЫ БАР ЭЛЕ…
МЕН МИДИАНДЫКТАРДЫ ЫСРАЙЫЛДЫКТАРДЫН КОЛУНА САЛЫП БЕРИШИМ ҮЧҮН, АЗЫР СЕНДЕ КӨП КИШИ БАР.
ЫСРАЙЫЛДЫКТАР МЕНИН АЛДЫМДА: “ӨЗҮМДҮ ӨЗҮМ КУТКАРДЫМ”, – ДЕП ТЕКЕБЕРДЕНИП КЕТПЕШИ ҮЧҮН ЭЛГЕ УГУЗА АЙТ…
КИМ ЖҮҮНҮ БОШ, КОРКОК БОЛСО, ГИЛАТ ТООСУНАН ТҮШҮП, КЕЛГЕН ЖАГЫНА КЕТСИН.
ОШОНДО КАЛГАН ОН МИҢ КИШИ МЕНЕН ГИДОН МИДИАНДЫКТАРГА КАРШЫ ЧЫКМАЙ БОЛДУ.






БАШКАРУУЧУЛАР 7:4-8


ТУР, МИДИАНДЫКТАРДЫН СТАНЫНА КИР, МЕН АНЫ СЕНИН КОЛУҢА САЛЫП БЕРЕМ.
ЭГЕРДЕ ЖАЛГЫЗ БАРГАНДАН КОРКУП ЖАТСАҢ, СТАНГА ӨЗ КЫЗМАТЧЫҢ ПУРА МЕНЕН БАР ДА, АЛАРДЫН ЭМНЕ ДЕП ЖАТКАНЫН УК.
ТҮШҮМДӨ БИР ТОГОЛОК АРПА НАН МИДИАН СТАНЫН АРАЛАП, ТОГОЛОНГОН БОЙДОН ЧАТЫРГА КЕЛИП БИР ТИЙДИ.
ТИЕРИ МЕНЕН ЧАТЫР КУЛАП КАЛДЫ; АНЫ АЛАСАЛТТЫ, ЧАТЫР ЖАЛПАЙЫП ЖАТЫП КАЛДЫ.
БУЛ – ЫСРАЙЫЛДЫК ЖААШТЫН УУЛУ ГИДОНДУН КЫЛЫЧЫ, АНДАН БӨЛӨК ЭЧ НЕРСЕ ЭМЕС.
КУДАЙ МИДИАНДЫКТАРДЫ ЖАНА БҮТ СТАНДЫ АНЫН КОЛУНА САЛЫП БЕРДИ.


УЛУУ КУДАЙЫМ, ЧЫНЫНДА ӨЗҮҢДҮН ЭЛИҢДИ КАЛТЫРБАПТЫРСЫҢ.
ЫСРАЙЫЛ ЭЛИНИН АТЫНАН СЫЙЫНУУМДУ УКТУҢ.
ТЕЗИНЕН АРТЫМАН ЖӨНӨ!
ТУРГУЛА! КУДАЙ МИДИАН СТАНЫН КОЛУҢАРГА САЛЫП БЕРДИ!


АР БИРИҢЕР МҮЙҮЗДӨРДҮ ЖАНА КУМУРАЛАРДЫН ИЧИНЕ САЛЫНГАН ШАМ АЛГЫЛА.
ГИДОН МЫНДАН АРЫ ЭМНЕ КЫЛЫШТЫ КӨРСӨТӨТ.
АР БИРИ 100 КИШИДЕН БОЛГУДАЙ КЫЛЫП ҮЧКӨ БӨЛҮНГҮЛӨ.
МЕНИ КАРАП, МЕН КЫЛГАНДЫ КЫЛГЫЛА. МЕН АЛАРДЫН СТАНЫНА ЖАКЫНДАГАНДА, ЭМНЕ КЫЛСАМ, СИЛЕР ДА ОШОНУ КЫЛГЫЛА.
ГИДОН ЖАНА АНЫН КИШИЛЕРИ СТАНГА ОРТОҢКУ КҮЗӨТ УБАГЫ АЛМАШЫП ЖАТКАНДА КЕЛИШТИ.


ТЕҢИР ҮЧҮН, ГИДОН ҮЧҮН!


АР БИРИҢЕР ӨЗ ОРДУҢАРДА КАЛГЫЛА.
ҮЧ ЖҮЗ КИШИ МҮЙҮЗДӨРДҮ ТАРТКАНДА, БҮТ СТАН ДҮРБӨЛӨҢГӨ ТҮШҮП, ТЕҢИР МИДИАНДЫКТАРДЫН БҮТ СТАНЫН БИРИ-БИРИНЕ КАРШЫ КЫЛЫЧ КӨТӨРТТҮ.






БАШКАРУУЧУЛАР 7:22 – 8:5


МЕНИН АДАМДАРЫМА НАН БЕРГИЛЕ, АЛАР ЧАРЧАШТЫ. МЕН МИДИАН ПАДЫШАЛАРЫН КУУП ЖҮРӨМ.
ЗЕБАК МЕНЕН САЛМУНДУ КОЛУҢА ТҮШҮРҮП АЛДЫҢ БЕЛЕ?
БИЗ СЕНИН АСКЕРЛЕРИҢЕ НАН БЕРГИДЕЙ.
УШИНТКЕНИҢЕР ҮЧҮН, ЗЕБАК МЕНЕН САЛМУНДУ ТЕҢИР КОЛУМА САЛЫП БЕРГЕНДЕ, ДЕНЕҢЕРДИ ЧӨЛДҮН ТИКЕНЕГИ МЕНЕН, ТИКЕН ЖЫГАЧЫНЫН БУТАКТАРЫ МЕНЕН ЖАНЧЫЙМ.
ПЕНУЕЛДИН ЖАШООЧУЛАРЫ СӨЗСҮЗ ЖАРДАМ БЕРСЕ КЕРЕК БИЗГЕ.
ЖАРДАМ БЕРҮҮДӨН БАШ ТАРТКАНЫҢАР ҮЧҮН, ЖЕҢИШ МЕНЕН КАЙТКАНЫМДА, БУЛ МУНАРАНЫ ТАЛКАЛАЙМ.






БАШКАРУУЧУЛАР 8:10-13


СУКОТ ШААРЫНЫН БАРДЫК АКСАКАЛДАРЫНЫН ТИЗМЕСИН ЖАЗЫП БЕР.
ЗЕБАК МЕНЕН САЛМУН МЫНА! УШУЛ ЭКӨӨ ҮЧҮН БИЗДИН АСКЕРЛЕРГЕ НАН БЕРБЕЙ КОЙДУҢАР ЭЛЕ.
АЛАРДЫ ЖАКШЫЛАП ЖАЗАЛАГЫЛА. ЭМКИСИНДЕ КОРГООЧУЛАРЫНА ЖАРДАМ БЕРИШИ КЕРЕКТИГИН ЭСТЕРИНЕН ЧЫГАРЫШПАЙТ
АЗЫР ПЕНУЭЛДИН КИШИЛЕРИ ДА МУНУ КӨРӨТ.
ПЕНУЕЛ МУНАРАСЫН ДА ТАЛКАЛАП, АНЫН ТУРГУНДАРЫН ДА ӨЛТҮРГҮЛӨ.
ТИЛ АЛБАСТЫКТЫН БААСЫН БИЛИШСИН.






БАШКАРУУЧУЛАР 8:18-21


ЫСРАЙЫЛ ЭЛИ ГИДОНГО КЕЛИШТИ…
СЕН БИЗДИ МИДИАНДЫКТАРДЫН КОЛУНАН КУТКАРЫП АЛДЫҢ, БИЗДИ БАШКАР.
СИЛЕРДИ МЕН ДА, МЕНИН УУЛУМ ДА БАШКАРБАЙТ.
СИЛЕРДИ ТЕҢИР БАШКАРСЫН.
"СИЛЕРДЕН БИР ГАНА НЕРСЕ СУРАЙМ, АЛГАН ОЛЖОҢОРДОН АР БИРИҢ МАГА БИРДЕН СЫРГА БЕРГИЛЕ."
КУДАЙДЫН ТИЛИН АЛБАЙ, АЛАРДАН ГИДОН БИР ЭФОД ЖАСАП, АНЫ ӨЗ ШААРЫ ОПРАГА КОЙДУ.
ЫСРАЙЫЛДЫКТАР АГА ТАБЫНА БАШТАШТЫ, АЛ ГИДОНГО ЖАНА АНЫН БҮТ ҮЙ-БҮЛӨСҮНӨ ЖАЙЫЛГАН ТОР БОЛДУ.
ГИДОН КӨП АЯЛ АЛЫП, АНЫН 70 УУЛУ БОЛДУ.
ГИДОНДУН УБАГЫНДА ЖЕР ҮСТҮНДӨ КЫРК ЖЫЛ ТЫНЧТЫК БОЛДУ.
БИРОК ГИДОН ӨЛӨРҮ МЕНЕН ЫСРАЙЫЛ ЭЛИ БААЛГА СЫЙЫНА БАШТАШТЫ.


КӨПТӨГӨН АЯЛДАРЫНАН БАШКА, КҮҢ АЯЛДАН ТУУЛГАН ГИДОНДУН АБЫ-МЕЛЕК ДЕГЕН УУЛУ БАР ЭЛЕ.
АЛ ЧОҢОЙГОНДО ӨЗҮНҮН ШААРЫНА БАРЫП МЫНДАЙ ДЕДИ:
ШЕКЕМДИН БАРДЫК ТУРГУНДАРЫНА АЙТКЫЛА: СИЛЕР ҮЧҮН КАЙСЫНЫСЫ ЖАКШЫ:
ГИДОНДУН ЖЕТИМИШ УУЛУ БАШКАРГАНЫ ЖАКШЫБЫ ЖЕ БИР ЭЛЕ АДАМ БАШКАРГАНЫ ЖАКШЫБЫ?
МЕН СИЛЕРДИН ӨЗ СӨӨГҮҢӨР, ӨЗ ДЕНЕҢЕР ЭКЕНИМДИ ЭСТЕГИЛЕ.
ШЕКЕМДИН ТУРГУНДАРЫНЫН ЖҮРӨГҮ АБЫ-МЕЛЕККЕ БУРУЛДУ.
АЛАР БААЛ ДЕГЕН ЖАСАЛМА КУДАЙДЫН ҮЙҮНӨН АГА ЖЕТИМИШ ШЕКЕЛ КҮМҮШ АЛЫП БЕРИШТИ.


АЛ КҮМҮШТӨРГӨ АБЫ-МЕЛЕК БЕКЕРПОЗ, ЖЕҢИЛ ОЙЛУУ АДАМДАРДЫ ЖАЛДАП АЛДЫ. АЛАР АНЫН АРТЫНАН ЭЭРЧИШТИ.
АНАН АЛ АДАМДАРДЫ ӨЛТҮРҮП, КУТУРА БАШТАДЫ…
АНАН АЛ ОПРАГА, АТАСЫНЫН ҮЙҮНӨ КЕЛИП, ГИДОНДУН ЖЕТИМИШ УУЛУН БИР ТАШТЫН ҮСТҮНДӨ ӨЛТҮРДҮ.
ГИДОНДУН КЕНЖЕ УУЛУ ЖОТАМ ГАНА ТИРҮҮ КАЛДЫ, АНТКЕНИ АЛ ЖАШЫНЫП КАЛГАН ЭЛЕ.






БАШКАРУУЧУЛАР 9:6-15


КАНА АЙТКЫЛАЧЫ, АБЫ-МЕЛЕКТИ ПАДЫША КОЮП, СИЛЕР АДИЛЕТТИК, АКЫЙКАТТЫК КЫЛДЫҢАРБЫ? АТАМ ЖАНА АНЫН ҮЙ-БҮЛӨСҮНӨ АДИЛЕТТИК КЫЛДЫҢАРБЫ? АНЫН КЫЛГАН ЖАКШЫЛЫГЫНА ЖАРАША ЖООП БЕРДИҢЕРБИ?
МЕНИН АТАМ СИЛЕР ҮЧҮН САЛГЫЛАШКАН, ӨЗ ӨМҮРҮН АЯГАН ЭМЕС, СИЛЕРДИ МИДИАНДЫКТАРДЫН КОЛУНАН КУТКАРГАН---
СИЛЕР БОЛСО МЕНИН АТАМДЫН ҮЙ-БҮЛӨСҮНӨ КАРШЫ КӨТӨРҮЛҮП, АТАМДЫН ЖЕТИМИШ УУЛУН БИР ТАШТЫН ҮСТҮНДӨ ӨЛТҮРДҮҢӨР. БИР ТУУГАНЫҢАР БОЛГОНУ ҮЧҮН ШЕКЕМДИН ТУРГУНДАРЫНА АТАМДЫН КҮҢ АЯЛЫНЫН УУЛУ АБЫ-МЕЛЕКТИ ПАДЫША КОЙДУҢАР.
ЭГЕРДЕ СИЛЕР АТАМДЫН ЖАНА АНЫН ҮЙ-БҮЛӨСҮНӨ АДИЛЕТТИК, АКЫЙКАТТЫК КЫЛГАН БОЛСОҢОР, АНДА АБЫ-МЕЛЕКТИН ПАДЫША БОЛГОНУНА СҮЙҮНГҮЛӨ, АЛ ДА СИЛЕР ҮЧҮН СҮЙҮНСҮН.
ЭГЕРДЕ АНДАЙ КЫЛГАН ЭМЕС БОЛСОҢОР, АНДА АБЫ-МЕЛЕКТЕН ОТ ЧЫГЫП, СИЛЕРДИ ӨРТТӨП КЕТСИН ЖЕ СИЛЕРДЕН ОТ ЧЫГЫП, АБЫ-МЕЛЕКТИ ӨРТТӨП КЕТСИН!


ҮЧ ЖЫЛДАН КИЙИН, КУДАЙ АБЫ-МЕЛЕК МЕНЕН ШЕКЕМ ТУРГУНДАРЫНЫН ОРТОСУНА ЖАМАН РУХ ЖИБЕРДИ..
ГИДОНДУН ЖЕТИМИШ УУЛУНУН ӨЧҮ УШИНТИП АЛЫНДЫ.
ШЕКЕМДИН ТУРГУНДАРЫ ТООЛОРДУН БАШТАРЫНА АГА КАРШЫ БУКТУРМА КОЮШТУ, БУКТУРМАДАГЫЛАР ЖОЛДОН ӨТКӨН АР КИМДИ ТАЛАП-ТОНОШТУ.
ШЕКЕМДИН ТУРГУНДАРЫ БАШКА ЖАҢЫ БИР ЛИДЕРГЕ ТАЯНА БАШТАШТЫ…
МЕНИН ДОБУШУМ ГААЛ МЕНЕН АНЫН БИР ТУУГАНДАРЫНА БЕРИЛЕТ.
ТУУРА, БИЗ ӨЗҮБҮЗГӨ БАШЧЫ ТАНДАП АЛЫШЫБЫЗ КЕРЕК.


ШЕКЕМ ТУРГУНДАРЫ ТАЛААГА ЧЫГЫП, ЖҮЗҮМ ЖЫЙНАП, ШИРЕСИН СЫГЫШТЫ ДА, ӨЗДӨРҮНҮН КУДАЙЫНЫН ҮЙҮНӨ БАРЫП, ИЧИП-ЖЕШТИ.
БИЗ АГА КЫЗМАТ КЫЛГЫДАЙ, АБЫ-МЕЛЕК КИМ ЭЛЕ?
БИЗ ӨЗ ТАГДЫРЫБЫЗДЫ ЖАНА БАШЧЫБЫЗДЫ ӨЗҮБҮЗ ЧЕЧЕБИЗ!
АЛ ГИДОНДУН УУЛУ ЭМЕСПИ, АНЫН БАШЧЫСЫ ЗЕБУЛ ЭМЕСПИ?
АГА ЭМНЕГЕ КЫЗМАТ КЫЛМАК ЭЛЕК?
ТУУРА!
БУЛ ЭЛДИ МЕН БАШКАРГАНЫМДА!
БИЗ МАКУЛБУЗ!
АНДА МЕН АБЫ-МЕЛЕКТИ ПАДЫШАЛЫКТАН ТҮШҮРҮП САЛАМ.
БУЛ КАБАРДЫ АБЫ-МЕЛЕККЕ ЖЕТКИР.
МЕН АБЫ-МЕЛЕККЕ: «АСКЕРИНДИ КӨБӨЙТ ДА, БЕТТЕШҮҮГӨ ЧЫК» ДЕЙМ.
ГААЛ ШААРДЫ САГА КАРШЫ ТУКУРУП ЖАТАТ, ОШОНДУКТАН ЖАНЫҢДАГЫ АСКЕРЛЕР МЕНЕН ТҮН ИЧИНДЕ ТУРУП, ТАЛААГА БУКТУРМА КОЙ.


ЭЛ ТООЛОРДУН БАШТАРЫНАН ТҮШҮП КЕЛЕ ЖАТАТ.
ТООЛОРДУН КӨЛӨКӨСҮ САГА ЭЛ КӨРҮНҮП ЖАТСА КЕРЕК.
КАРАСАҢАР, ЭЛ БОРБОРДОН КЕЛЕ ЖАТАТ. БИР АСКЕР ТОБУ МЕЙОНЕНИМ ЭМЕН ДАРАГЫНА КЕТЧҮ ЖОЛДОН ЧЫКТЫ.
“АБЫ-МЕЛЕККЕ КЫЗМАТ КЫЛГЫДАЙ, АЛ КИМ ЭЛЕ?” – ДЕБЕДИҢ БЕЛЕ?
СЕН ТООТПОГОН ЭЛ УШУЛ.
КАНА ЭМИ БУЛАР МЕНЕН САЛГЫЛАШЫП КӨР.




БАШКАРУУЧУЛАР 9:39-45





БАШКАРУУЧУЛАР 9:46-49




БАШКАРУУЧУЛАР 9:50-53


МЕН БҮТТҮМ ОКШОЙТ…
КЫЛЫЧЫҢДЫ КЫНЫНАН СУУРУП, МЕНИ ӨЛТҮРҮП САЛ, “АНЫ АЯЛ ӨЛТҮРДҮ” ДЕП АЙТЫШПАСЫН.
ОШЕНТИП ЖОТАМДЫН КАРГЫШЫНЫН ЭКИНЧИ БӨЛҮГҮ ИШКЕ АШТЫ. 70 БИР ТУУГАНЫН ӨЛТҮРҮП, АТАСЫНА КЫЛГАН КЫЯНАТТЫГЫ ҮЧҮН, ТЕҢИР АБЫ-МЕЛЕКТИ УШУНДАЙ ЖАЗАЛАДЫ.
АБЫ-МЕЛЕКТЕН КИЙИН ЫСРАЙЫЛДЫ КУТКАРЫШ ҮЧҮН, ИСАХАР УРУУСУНАН ТОЛА ЧЫКТЫ. АЛ ЫСРАЙЫЛГА ЖЫЙЫРМА ҮЧ ЖЫЛ БАШКАРУУЧУ БОЛДУ.
АНДАН КИЙИН ГИЛАТТЫК ЖАЙЫР ЧЫКТЫ. АЛ ОТУЗ ЖАШ ЭШЕККЕ МИНИП ЖҮРГӨН ОТУЗ УУЛУ БОЛГОН, АЛАРДЫН ОТУЗ ШААРЫ БАР ЭЛЕ.
АЛ ЫСРАЙЫЛГА 22 ЖЫЛ БАШКАРУУЧУ БОЛДУ.


ЫСРАЙЫЛ УУЛДАРЫ КАЙРАДАН ТЕҢИРДИН КӨЗ АЛДЫНДА ЖАМАН ИШТЕРИН КЫЛА БАШТАШТЫ.
АЛАР БААЛДАР МЕНЕН АШЕЙРАЛАРГА ЖАНА БАШКА КУДАЙЛАРГА КЫЗМАТ КЫЛЫП ЖАТЫШТЫ.
ТЕҢИР ЫСРАЙЫЛГА КААРДАНЫП, АЛАРДЫ ПЕЛИШТИЛИКТЕР МЕНЕН АМОНДУКТАРДЫН КОЛУНА 18 ЖЫЛГА САЛЫП БЕРДИ.
ЭМНЕ ҮЧҮН БИЗ ДАЙЫМА КУДАЙДЫ УНУТУП КАЛА БЕРЕБИЗ?
БАШКА ЖАЛГАН КУДАЙЛАРГА ТАБЫНГАНЫБЫЗ ҮЧҮН КУДАЙ БИЗГЕ КААРДАНЫП ЖАТАТ.
ОШОНДУКТАН АЛ БИЗДИ ЖАЗАЛАНДЫРЫП ЖАТАТ.
БИЗ ТЕҢИРДИН АЛДЫНДА ЧОҢ КҮНӨӨГӨ БАТТЫК.
ТЕҢИР БУЛ КАБАРДЫ ЭЛГЕ ЖЕТКИРҮҮ ҮЧҮН ПАЙГАМБАРЛАРДЫ ЖИБЕРДИ:
АМАЛЫКТЫКТАР, МААПТЫКТАР ЭЗИШКЕНДЕ, СИЛЕР МАГА КАЙРЫЛГАНДА, МЕН СИЛЕРДИ АЛАРДЫН КОЛУНАН КУТКАРЫП ТУРГАН ЖОК БЕЛЕМ?






БАШКАРУУЧУЛАР 10:14-18




БАШКАРУУЧУЛАР 11:1-11


ЫСРАЙЫЛДЫН БАШЧЫСЫНАН КАБАР БАР.
БИЗДИН ЖЕРГЕ КОЛ САЛГЫДАЙ, БИЗ САГА ЭМНЕ КЫЛДЫК ДЕП СУРАП ЖАТЫШАБЫ?
АНТКЕНИ ИОРДАНДАГЫ ЖЕРЛЕРИМДИ ТАРТЫП АЛЫШКАН.
ТЫНЧТЫК ЖОЛУ МЕНЕН КАЙТАРЫП АЛГЫМ КЕЛЕТ.
БУЛ КАБАРДЫ ПАДЫШАГА ЖЕТКИРГИЛЕ.
МААПТЫКТАР МЕНЕН АМОНДУКТАРДЫН ЖЕРЛЕРИН ЫСРАЙЫЛДЫКТАР ТАРТЫП АЛГАН ЭМЕС.
БИЗ ЧӨЛ АРКЫЛУУ ӨТҮП, АМОРЛУКТАРДЫН БҮТ ЖЕРИН ЫСРАЙЫЛ МУРАСТАП АЛГАН.
СЕН ӨЗҮҢДҮН КУДАЙЫҢ КЕМОШ БЕРГЕН ЖЕРГЕ ЭЭ ЭМЕССИҢБИ? БИЗ БОЛСО ӨЗҮБҮЗДҮН КУДАЙ-ТЕҢИРИБИЗ МУРАСКА БЕРГЕН ЖЕРГЕ ЭЭБИЗ.
БУЛ ШААРЛАРДА ЖАШАГАНЫБЫЗГА 300 ЖЫЛ БОЛДУ. АЛ ЖЕРЛЕРДИ СИЛЕР ЭМНЕ ҮЧҮН ОШОЛ УЧУРДА ТАРТЫП АЛГАН ЖОКСУҢАР?
ТЕҢИР АЗЫР ӨЗҮ СОТ БОЛСУН.


ИПТАХТЫН ҮСТҮНӨ ТЕҢИРДИН РУХУ ТҮШҮП, АМОНДУКТАРДЫН АСКЕРЛЕРИНЕ КАРШЫ ЧЫКТЫ.
АСКЕР БАШЧЫЛАРЫНЫН АРАСЫНДА КУДАЙ АЛАРГА ЖЕҢИШ БЕРСЕ, МААНИЛҮҮ НЕРСЕСИН ТАРТУУЛОО УБАДАСЫ САЛТ ЭЛЕ.
БИРОК ИПТАХ ОЙЛОНБОЙ ТУРУП УБАДА БЕРИП КОЙДУ.
МЕН АМОНДУКТАРДАН ТЫНЧТЫК МЕНЕН КАЙТЫП КЕЛЕ ЖАТКАНДА, ҮЙҮМДҮН ДАРБАЗАСЫНАН, АЛДЫМАН ЭМНЕ ЧЫКСА, АЛ СЕНИКИ БОЛОТ, ТЕҢИР, АНЫ МЕН БҮТҮНДӨЙ ӨРТТӨЛҮҮЧҮ КУРМАНДЫККА ЧАЛАМ.
ТЕҢИР АМОНДУКТАРДЫ АНЫН КОЛУНА САЛЫП БЕРДИ.
ЧЕЙИНКИ ЖЫЙЫРМА ШААРДЫ КАТУУ ТАЛКАЛАНЫП, ЫСРАЙЫЛДЫКТАРГА КАЙТАРЫЛЫП БЕРИЛДИ.
ИПТАХ ҮЙҮНӨ ЖЕҢИШ МЕНЕН КАЙТЫП КЕЛЕ ЖАТТЫ.


БИРОК ИПТАХ ҮЙҮНӨ ЖЕТЕЙИН ДЕП КАЛГАНДА АЛДЫНАН ДАП КАГЫП БИЙЛЕП, ЖАЛГЫЗ КЫЗЫ ЧЫКТЫ.
ЖОК!!!
АТТИҢ АЙ, КЫЗЫМ! СЕН МЕНИ АЗАПКА САЛБАДЫҢБЫ!
ТЕҢИРГЕ УБАДА БЕРИП КОЙБОДУМ БЕЛЕ.
АТАКЕ! ТЕҢИРГЕ УБАДА БЕРИП КОЙДУҢ.
ТЕҢИР СЕН АРКЫЛУУ ДУШМАНДАРЫҢ АМОНДУКТАРДАН ӨЧҮҢДҮ АЛЫП БЕРДИ.
"СЕНДЕН БИР ГАНА НЕРСЕНИ СУРАНАМ."
"МЕНИ ЭКИ АЙГА КОЁ БЕР. ТЕҢТУШ КУРБУЛАРЫМ МЕНЕН ТООГО ЧЫГЫП, КЫЗ ӨМҮРҮМДҮ ЖОКТОП ЫЙЛАП АЛАЙЫН."
ОШОНДОН ТАРТЫП ЫСРАЙЫЛДА МЫНДАЙ САЛТ КАЛДЫ: ЖЫЛ САЙЫН ЫСРАЙЫЛ КЫЗДАРЫ БАРЫП, ГИЛАТТЫК ИПТАХТЫН КЫЗЫ ҮЧҮН ТӨРТ КҮН ЫЙЛАШАТ.


БУЛАР БИЗДИН БИР ТУУГАНДАР.
ЭПРАЙЫМДЫКТАР.
ЭМНЕ ҮЧҮН БИЗДИ ЖАРДАМГА ЧАКЫРБАЙ ЭЛЕ, АМОНДУКТАР МЕНЕН СОГУШКАНЫ КЕТИП КАЛДЫҢ?
ҮСТҮҢДӨГҮ ҮЙҮҢ МЕНЕН КОШО ӨРТТӨП ЖИБЕРЕБИЗ.
СИЛЕРДИ ЧАКЫРГАМ, БИРОК СИЛЕР МЕНИ АЛАРДЫН КОЛУНАН КУТКАРГАН ЖОКСУҢАР. АНЫ КӨРҮП, МЕН ӨЗ ӨМҮРҮМДҮ ТОБОКЕЛГЕ САЛЫП, АМОНДУКТАРГА КАРШЫ БАРДЫМ.
ГИЛАТТЫКТАРДЫН БААРЫ КАЧКЫНСЫҢАР.
БУЛ ЖОЛКУСУНДА ИПТАХ ӨЗҮНҮН ЭЛИНЕ КАРШЫ САЛГЫЛАШТЫ.
САЛГЫЛАШТАН КИЙИН АЙРЫМ ЭПРАЙЫМДЫКТАР ҮЙҮНӨ КАЙТУУ ҮЧҮН ДАРЫЯДАН ӨТҮП КЕТҮҮГӨ АРАКЕТТЕНИШТИ.
ИПТАХТЫН АДАМДАРЫ АЛАРДЫ АЧЫККА ЧЫГАРУУ ҮЧҮН БИР ПЛАН ОЙЛОП ТАБЫШТЫ.


"ШИББОЛЕТ" ДЕП АЙТ.
"СИББОЛЕТ".
АНЫН ДИАЛЕКТИ БИЛГИЗИП КОЮП ЖАТАТ. ЭЧ БИР ЭПРАЙЫМДЫК БУЛ СӨЗДҮ СҮЙЛӨЙ АЛБАЙТ.
АЛЫП БАРЫП, ДАРГА АСКЫЛА.
42 000 АДАМ ЭПРАЙЫМДЫКТАРДАН ӨЛДҮ.
АНДАН СОҢ ЖАРАНДЫК СОГУШ БОЛБОЙ, ТЫНЧТЫК ӨКҮМ СҮРДҮ.
ИПТАХ АММОНДУКТАРДЫ ЖЕҢГЕН СОҢ ЫСРАЙЫЛГА АЛТЫ ЖЫЛ БАШКАРУУЧУ БОЛДУ.
ГИЛАТТЫК ИПТАХ КӨЗ ЖУМУП, ГИЛАТКА КОЮЛДУ.
ИПТАХТАН КИЙИН ЫСРАЙЫЛДЫН БАШЫНДА 25 ЖЫЛ БОЮ ИПСАН, ЭЛОН, АБДОН АТТУУ БАШКАРУУЧУЛАР ТУРДУ.
АНДАН СОҢ ЫСРАЙЫЛГА ЭҢ БЕЛГИЛҮҮ БАШКАРУУЧУ КЕЛДИ …

"THE BIBLE EXPLAINED IN EVERY LANGUAGE."





**SUPERBIBLE.TV**